«БЕКИТЕМИН»
Ош облустук саламаттык сактоо
координатору, м.и.к. Абдурахманов Ш.Т.

«02» май 2025 ж.

**Илимий-изилдөө, илимий-техникалык иштердин натыйжаларын, (же) илимий жана (же) илимий-техникалык иштин натыйжаларын киргизүү актысы**

1. **Киргизүү автору:** Аскарбекова Гүлдесте Аскарбековна
2. **Илимий-изилдөө, илимий-техникалык иштердин натыйжаларын, (же) илимий жан а (же) илимий-техникалык иштин аталышы:** Кыргыз Республикасында жалпы дарыгерлер (үй-бүлөлүк) практикасын өркүндөтүүдөгү, уюштуруудагы медициналык жана социалдык көйгөйлөр (Ош облусунун мисалында).
3. **Кыскача аннотация:** Калктын муктаждыгына багытталган интеграцияланган баштапкы медициналык-санитардык жардамдын (КМБИМ) моделин Өзгөн районундагы жалпы практикалык дарыгерлер борборуна пилоттук негизде киргизүү бир катар оң натыйжаларды камсыздады.
4. **Сунуштарды киргизүүнүн эффективдүүлүгү:** Биринчи кезекте, "5S" принциптеринин негизинде каттоо бөлмөсүн жана иш процесстерин кайра уюштуруунун эсебинен бейтаптардын күтүү убактысы 23% кыскарып, иш агымы иретке келтирилди. Бул өз кезегинде кызматкерлердин иш жүгүн жеңилдетип, амбулатордук кабыл алуулардагы убакытты натыйжалуу пайдаланууга мүмкүндүк берди.

Экинчи жагынан, медайымдардын ролун кеңейтүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлүп, алар өз алдынча алдын ала кабыл алуу, кеңеш берүү жана саламаттыкты чыңдоо боюнча иш алып барышкан. Бул бейтаптарга медициналык жардамдын жеткиликтүүлүгүн 18% жогорулатканын көрсөткөн. Медайымдардын катышуусу менен жүргүзүлгөн агартуу иштери төмөнкү деңгээлде медициналык кызматтарды пайдаланган аймактарда өзгөчө маанилүү болгон.

Үчүнчүдөн, түптөлгөн тармактар аралык кызматташтык (айыл өкмөтү, кварталдык комитет, мектептер менен бирге) тобокел топтогу кош бойлуу аялдарга темир кошулмаларын таратуу жана көзөмөлдөө иштерине көмөк көрсөттү. Анемиянын таралышы бул максаттуу топто 2 жумалык кийлигишүүдөн кийин 27% төмөндөдү.

Мындан тышкары, электрондук каттоо, бейтаптарды алдын ала иргөө жана маалымат алмашуу үчүн «Сестринское дело КИФ» маалымат базасын колдонуу ишке ашырылып, документ жүгүртүү жана отчеттуулук процесстери жөнөкөйлөштү.

5. **Киргизүү орду жана убактысы:** Ош облусунун Өзгөн районунун “Жалпы практикалык дарыгерлер” борбору 2025- жыл
6. **Киргизүү формасы, методдору.** Үй-бүлөлүк медицинанын учурдагы абалын, анын ичинде инфраструктураны, кадрдык ресурстарды жана калкка жеткиликтүүлүгүн талдоо. Калктын үй-бүлөлүк медицина боюнча муктаждыктарын жана канааттануу деңгээлин аныктоо. Натыйжалуу чечимдерди жана өнүктүрүү жолдорун сунуштоо, анын ичинде кадрларды даярдоо, финансылык камсыздоо жана санариптик технологияларды киргизүү.

*Киргизүү ишке ашкан мекеменин өкүлү:*
Өзгөн райондук ЖПДБнун директору Мамасадыкова Б.А.

*Киргизүүгө сунуштаган мекеменин өкүлү:*
ОшМУнун илимий иштер жана инновациялар боюнча проректору, ф.м.и.к., доцент Эшаров Э.А.

02. 05. 2025 г.